**"Сиздин бонус" АКЦИЯСЫНЫН ЭРЕЖЕЛЕРИ**
**(мындан ары "Шарттар")**
**Банктын кардарлары - «РСК Банк» ААКнун Элкарт, Visa, MasterCard жана Алай Кард төлөм карталарынын ээлери үчүн**

Бул Шарттар акцияны өткөрүүнүн тартибин, шарттарын, ордун жана мөөнөтүн, акция боюнча бонусту төлөө тартибин, аларды алуунун мөөнөтүн, ордун жана тартибин аныктайт. Акция убактылуу токтотулган же мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда акциянын Уюштуруучусу www.rsk.kg расмий сайтына маалыматты жайгаштыруу аркылуу акциянын катышуучуларына бул тууралуу ачык билдирүүгө милдеттүү.

**1. Акциянын аталышы:** "Сиздин бонус"

2. **Акцияны өткөрүү аймагы**: Кыргыз Республикасы

**3. Жалпы түшүнүктөр:**

**Акция** – чектелүү чөйрөдөгү адамдар үчүн өткөрүлүүчү, мындан ары «Акция» деп аталуучу «Сиздин бонус» дем берүүчү акциясы – бул Банктын Кардарларынын Банкка артыкчылык берүү менен кайрылуу деңгээлин жогорулатууга, ошондой эле пайда алуу максатында Банктын продуктыларын жайылтууга багытталган дем берүүчү иш-чара болуп саналат, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 48-50-главаларында каралган шарттар менен аныкталуучу ачык конкурс, сыйлыктарды берүүгө ачык убада, оюндарды жана мөрөйлөрдү өткөрүү болуп саналбайт, 2009-жылдын 30-апрелиндеги "Лотереялар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын шарттары менен аныкталган, кызыктыруучу лотерея болуп саналбайт, анткени Акциянын шарттары утуштарды кокусунан аныктоо принцибине негизделбейт.

**Бонус** - Акциянын Жеңүүчүсүнө ушул Эрежелерге ылайык жана тартипте төлөнүүчү акча каражаттары.

**Уюштуруучу** - "РСК Банк" ААК (мындан ары - Банк)

**Өнөктөш – ЖЧК «Альфа Ойл» («Red Petroleum»АЗС)**

**Карта** – «РСК Банк» ААК тарабынан гана чыгарылган Элкарт, Visa, MasterCard жана Алай Кард карталары

**Акциянын катышуучусу –** Акцияга катышуунун шарттарын толук аткаруучу «РСК Банк» ААК Карта ээси.

**Карта ээси/Кардар -** "РСК Банк" ААКсынын Картасын жана/же анын реквизиттерин колдонуу менен жүргүзүлгөн операцияларды эсепке алуу жана чагылдыруу үчүн ачылган эсептин ээси болгон жеке адам.

**Транзакция –** Кардардын РСК Банк тарабынан гана чыгарылган Карта эсебинде жүргүзүлүүчү, Карта эсебиндеги акча каражаттарынын калдыгынын эсебинен товарларга, жумуштарга жана кызмат көрсөтүүлөргө төлөө боюнча чыгаша операциясы.

**Карта эсеби –** Кардарга Карта жана/же анын реквизиттерин колдонуу менен жүргүзүлүүчү операцияларды эсепке алуу жана чагылдыруу үчүн ачылган банк эсеби.

**АЗС –** ЖЧК «Альфа Ойл» май куюучу станциясы («Red Petroleum» май куюучу станциялар тармагы).

**4. Акциянын уюштуруучусу жөнүндө маалымат:**
Акциянын уюштуруучусу: «РСК Банк» ААК.

**5. Акцияны өткөрүү мөөнөтү:**
Акциянын өткөрүүнүн жалпы мөөнөтү (анын ичинде Акциянын башталышы жөнүндө кардарларды кабарлоо, жыйынтыктоо жана бонусту төлөө): 2022-жылдын 25-июлунан тартып 2023-жылдын 31-августуна чейин.
Транзакцияларды жүргүзүү мөөнөтү 2022-жылдын 25-июлунан тартып 2023-жылдын 25-июлуна чейин.

6**. Акциянын катышуучулары:**
6.1. Акцияга Карта ээлери катышат.
6.2. Акциянын катышуучулары болуп Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык 18 жашка толгон Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналган аракетке жөндөмдүү адамдар боло алат.

7**. Акцияга катышуунун шарттары:**
7.1. Акцияга катышуунун шарты болуп «Red Petroleum» май куючу станциялар тармагынын товарларына, жумуштарына жана кызматтарына төлөө үчүн Картаны колдонуу менен операцияларды жүргүзүү саналат.

7.2. Акциянын Катышуучусу болуу үчүн Акция мезгилинде Банктын сайтына кирип, Акциянын шарттары менен таанышып, каалаган суммага Транзакцияларды жүргүзүү менен Карта эсебиндеги акча каражаттарынын калдыктарын тескөө керек.

7.3. Акциянын Катышуучусу болуу үчүн Акция мезгилинде 2022-жылдын 25-июлунан тартып 2023-жылдын 25-июлуна чейинки аралыкта Транзакцияларды жүргүзүү зарыл.

7.4. Акциянын Катышуучуларынын саны Банктын пластикалык карта ээлери болгон Кардарлардын бардык Базасына барабар.

7.5. Акциянын толук шарттары, Уюштуруучу жана катышуу эрежелери тууралуу маалымат булагы болуп Банктын расмий сайтындагы Акция баракчасы саналат: www.rsk.kg (мындан ары жана мурда – «Банктын сайты»).

**8. Жеңүүчүлөрдү аныктоо жана бонусту төлөө шарттары**

8.1. Бонус эсебине Картаны пайдалануу менен "Red Petroleum" май куюучу станциялар тармагынын соода жана тейлөө ишканаларында Карта эсебиндеги акча каражаттарынын калдыгынын чегинде бир айдын ичинде жүргүзүлгөн товарлар, жумуштар жана кызматтар үчүн төлөө операциялары кирет.

8.2. Акциянын бардык шарттарын аткарган «РСК Банк» ААКтын бардык төлөм карталарынын ээлери Акциянын катышуучулары болуп калышат.

8.3. Бонустар акция мезгилинде ар бир айдын 10-күнүнө чейин ай сайын төлөнөт.

8.4. Акциянын ар бир Катышуучусуна "Red Petroleum" май куюучу станциялар тармагынын соода жана тейлөө ишканаларында бир айдын ичинде сарпталган акча каражаттардын топтолуусунан 1 (бир) пайызы өлчөмүндө, бирок 10 000 (Он миң) сомдон ашык эмес суммада бонус төлөнөт.

**9. Акциянын бюджети:**

9.1. Акциянын Жеңүүчүлөрүнө бонустарды уюштуруу жана төлөө менен байланышкан бардык чыгашаларды уюштуруучу өзү көтөрөт.

**10. Жеңүүчүлөрдү аныктоонун жыйынтыгы:**
10.1. Акциянын жеңүүчүлөрү Банктын системасы тарабынан автоматтык түрдө аныкталат.
10.3. Бонусту төлөөгө байланыштуу бардык салык чегерүүлөрүн кардар – Жеңүүчү өзү көтөрөт.

**11. Катышуучулар тарабынан бонустарды алуу тартиби:**

11.1. Бонус Акциянын Катышуучусунун картасына отчеттук айдан кийинки айда которулат.

11.2. Бонусту Жеңүүчүнүн картасына которуу Уюштуруучуга көз каранды болбогон себептерден (анын ичинде, бирок алар менен чектелбестен: Карта эсептин жабылышы, Картанын мөөнөтү бүтүшү, Картанын кредиттик лимитинин уруксат берилген чектен ашып кетсе жана кардардын жаңыланган же туура паспорттук маалыматтарынын жоктугу ж.б.) улам мүмкүн болбосо Уюштуруучу жана өнөктөш бонусту төлөө үчүн жоопкерчилик тартпайт.

**12. Акциянын шарттары жана Акциянын башка шарттары жөнүндө Катышуучуларга маалымдоо тартиби:**

12.1. Акция жана мүмкүн болуучу өзгөртүүлөр жөнүндө бардык маалыматтар Банктын www.rsk.kg расмий сайтында жайгаштырылган.

12.2. Ушул Эрежелерде көрсөтүлгөндөн башка учурларда Уюштуруучу жана өнөктөш Акциянын Катышуучулары менен кат алышууга жана башка байланыштарга барбоо укугу өзүндө калтырат.

12.3. Акцияга катышуу менен Катышуучу ушул Эрежелердин шарттарына жана Акцияга катышуунун бардык шарттары менен макул экендигин ырастайт.
12.4. Уюштуруучу жана өнөктөш Акциянын Катышуучусунун катачылык кесепеттери үчүн, анын ичинде, (бирок муну менен чектелбестен) Катышуучу тарткан чыгымдар үчүн жооптуу эмес.
12.5. Ушул Эрежелерде каралбаган бардык учурларда Акциянын Уюштуруучусу жана Катышуучулары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын жетекчиликке алышат.

**13. Акциянын катышуучуларынын жана Акцияны уюштуруучунун укуктары жана милдеттери:**

13.1. Акциянын катышуучулары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген укуктарга ээ жана милдеттенмелер боюнча жооптуу.
13.2. Акциянын Катышуучусу Акциянын шарттарына ылайык Акция жөнүндө маалымат алууга укуктуу.

13.3. Акциянын катышуучулары Акцияга катышууга жана бонусту алууга байланыштуу бардык аракеттерди Акциянын шарттарында белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

13.4. Бонусту алуу үчүн Акциянын Жеңүүчүсү Акция өткөрүлгөн мезгилде ушул Эрежелерге ылайык өзүнөн талап кылынган бардык аракеттерди жасоого милдеттүү. Акциянын шартын (шарттарын) аткарбоо Катышуучунун Акцияга жана бонуска катышуудан баш тартуусун билдирет.

13.5. Уюштуруучу Акцияны өткөрүүгө, анын ичинде, бонусту төлөөгө жана Акциянын Катышуучуларына карата башка зарыл чараларды көрүүгө милдеттүү.

13.6. Уюштуруучу Акциянын эрежелерине өзгөртүүлөрдү киргизүүгө же ар кандай жагдайларга байланыштуу Акцияны бир тараптуу токтотууга укуктуу. Уюштуруучу жаңы редакциядагы эрежелерди Банктын сайтында жайгаштыруу аркылуу Акциянын Катышуучуларына өзгөртүлгөн шарттарды билдирет.
13.7. Бул Эрежелер, ошондой эле аларга түзөтүүлөр бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет.